Скырг
Б48

# Сары–Кол Санжырасы

Өсконбай Бердибаев

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОБЩЕСТВЕННОЕ ОБЪЕДИНЕНИЕ «КӨРӨҢГӨЛҮҮ КӨӨНӨ-КОРГОН»
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ «КӨРӨҢГӨЛҮҮ КӨӨНӨ-КОРГОН» КООМДУК БИРИКМЕСИ
ИНН 02109202010084
КӨРӨҢГӨЛҮҮ КӨӨНӨ-КОРГОН

Скорп
Б 48

Мен ушул (Мургап) " Сарыкол Санжырасы " аттуу эмгегимди, тээ илгертеден ата- бабаларыбыз кылымдарды карытып жашап келген жер - суулардын аталыштары өчүп кетпесин деген ой максат менен жаздым. Ылайым Сарыкол ( Памир) тоо арасындагы чыныгы нукура кыргыздардын, уңгусу жоголбосун , булагы соолбосун. Сарыкол кыргыздары өздөрүнүн үрп - адат, каада салтын, тилин, дилин аздектеп ааламга атагы чыгып, учугу уланып урпагы көбөйүп ааламга таанылсын.! Оомин

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
К МЕКЕН ТААНУУ БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 483653

**Ыраң-Көл**

Айтылуу жерим Ыраңкөл
Чырагы жанып зоосунда
Топозу тоонун боорунда
Аркары оттоп тоосунда
Шор көлү эгиз жанашкан
Көркөмү тегиз жарашкан
Айланып келип алыстан
Аалымдар ыйык санашкан
Көкүрөк тээп сагыныч
Көрүүнү көптөр самашкан
Оюулган жерде туздар бар
Олуя өткөн издер бар
Ак мөңгү тоңгон муздар бар
Ак Эшан баскан издер бар
Санжыралуу Ыраңкөл
Сары алтындай түздөр бар
Күмүш жаак жез таңдай
Акындар чыккан элимден
Кум ичинен куруттай
Алтындар чыккан жеримден
Ыраңкөл асыл ыйык жер
Буралган боз от бийик төр
Кыраңда жүрөт кайберен
Мээр чөп жеген кийиктер
Жеримден алтын көп чыккан
Элимден асыл төп чыккан
Айланып бүркүт зоосунда
Ак ташты жарып чөп чыккан
Боз артуу менен Үйтурук
Кийизден жылуу үй куруп
Боз үйүн элим кадырлап
Коонорбос корком сый кылып
Сарыталдан үй жасап
Усталар чыккан жеримден
Сарыколдун боз үйү
Эмгеги ушул элимдин
Керегe ийип капшырып



Күмүштөн тыйын бастырып
Унутулбайт улут өнөрү
Уулуна кеткен тапшырып
Жээгине күмүш бастырып
Уугуну учтап чаптырып
Усталар чыккан Ыраңкөлдөн
Урпакка өнөр тапшырып
Кыйындар чыккан калкымдан
Кыргызга өнөр тапшырып
Бар болгун ыйык Раңкөлүм
Жарашкан эгиз Шор көлүм
Өнөрү өлбөй элимдин
Чырагы өчпөйт жеримдин
Чек арага чектешкен
Чечендер менен тектешкен
Чеберлеп аткан аркарды
Чекеси турук кептештен
Улары учкан бурулуп
Ыраң - Көл элим улуу журт
Кайберен баскан бурулуп
Каадалуу элим улуу журт
Тулпарды минсем жүргөндөп
Тоолорун айтсам түгөнбөс
Күлүктү минсем жүгөндөп
Кырларын айтсам түгөнбөс
Ыр кылып жазсам тарыхын
Ыраң- Көл жерим түгөнбөс.

**КАРА- КӨЛ**

Уй- Булактан өткөндө
Алыстан көзгө урунат
Аз эмес жерди ээлеген
Карааны сүрдүү өзгөчө
Каралжын көгүш
Кара- КөлКумайды ашсам төтөлөп
Кунанды бассам жетелеп
Кылымдын сырын жашырган
Көлүмдө жүрсөм чекелеп
Жүз түркүн куштар байырлап
Жүзүнү жууп чайынган
Көп жолу барып көрсөм дейм
Көз салып жакын айылдан
Кыялда желпип терметтиң
Кара- Көл көлүм берметсиң
Чайпалып жээкке урунам
Сезимде толкуп түрмөктүн
Кар кетпес бийик аскадан
Кайрылып карайт аркарлар
Калдайып учат айланып
Кара төш бүркүт асмандан
Дүйнөдө бийик чокуда
Деңиздин мөлтүр суусу бар
Бөксө тоо жарлуу аралда
Аңыр бар аппак куусу бар
Ак- Байтал Муз-Көл Кашка-Жол
Кара-Көл көлүм башкача
Сарыколдун тунук күзгүсү
Кара-Көл көлүм өзгөчө



**КАРА- КӨЛ**



## Ырaң-Көл

Айтылуу жерим Ыраңкөл
Чырагы жанып зоосунда
Топозу тоонун боорунда
Аркары оттоп тоосунда
Шор көлү эгиз жанашкан
Көркөмү тегиз жарашкан
Айланып келип алыстан
Аалымдар ыйык санашкан
Көкүрөк тээп сагыныч
Көрүүнү көптөр самашкан
Оюулган жерде туздар бар
Олуя өткөн издер бар
Ак мөңгү тоңгон муздар бар
Ак Эшан баскан издер бар
Санжыралуу Ыраңкөл
Сары алтындай түздөр бар
Күмүш жаак жез таңдай
Акындар чыккан элимден
Кум ичинен куруттай
Алтындар чыккан жеримден
Ыраңкөл асыл ыйык жер
Буралган боз от бийик төр
Кыраңда жүрөт кайберен
Мээр чөп жеген кийиктер
Жеримден алтын көп чыккан
Элимден асыл төп чыккан
Айланып бүркүт зоосунда
Ак ташты жарып чөп чыккан
Боз артуу менен Үйтурук
Кийизден жылуу үй куруп
Боз үйүн элим кадырлап
Коонорбос коркөм сый кылып
Сарыталдан үй жасап
Усталар чыккан жеримден
Сарыколдун боз үйү
Эмгеги ушул элимдин
Керегe ийип капшырып



Күмүштөн тыйын бастырып
Унутулбайт улут өнөрү
Уулуна кеткен тапшырып
Жээгине күмүш бастырып
Уугуну учтап чаптырып
Усталар чыккан Ыраңкөлдөн
Урпакка өнөр тапшырып
Кыйындар чыккан калкымдан
Кыргызга өнөр тапшырып
Бар болгун ыйык Раңкөлүм
Жарашкан эгиз Шор көлүм
Өнөрү өлбөй элимдин
Чырагы өчпөйт жеримдин
Чек арага чектешкен
Чечендер менен тектешкен
Чеберлеп аткан аркарды
Чекеси турук кептештен
Улары учкан бурулуп
Ыраң - Көл элим улуу журт
Кайберен баскан бурулуп
Каадалуу элим улуу журт
Тулпарды минсем жүргөндөп
Тоолорун айтсам түгөнбөс
Күлүктү минсем жүгөндөп
Кырларын айтсам түгөнбөс
Ыр кылып жазсам тарыхын
Ыраң- Көл жерим түгөнбөс.

## Ыраң-Көл





## Чечекти

**Оо Чечектим сага келдим ыр сурап.**

**Берчи мага шамалындан ыр курап.**

**Эски тонум чечпей кайтып кетейин.**

**Бир тамчы ырын мага бир чон кол турат.**

**Оо Чечектим сага келдим ыр сурап.**

**Койунунда бир кайрыктуу ыр турат.**

**Ыр жыттанган атырындан бир тамыз.**

**Омур бою журойунчу буркурап.**


**Оо Чечектим сага келдим ыр сурап.**

**Жел желп этсе тоолорундан ыр кулайт**

**Шыбак эмес ыр жыттанып турасын.**

**Адамдардын жан дуйносун сыйкырлап....**

Чечекти






Куу жигит

Куу жигит аты макталып
Кылымдар бою сакталып
Бийик бел ашкан кыя жол
Күнүгө турат тапталып
Жылгасы бийик өрдөгөн
Таң калат угуп көрбөгөн
Салкын төр кенен жылгасы
Аркары жүздөп төлдөгөн
Меер чөп оттоп кулжасы
Мөңгүнү кууп төрлөгөн
Кышында жылуу мал жанга
Козусу тоңуп өлбөгөн
Жайы кышы соолбогон
Булагы ийип тонбогон
Күнгөйдө кары жатпаган
Тескейин теке саптаган
Кудайлап келген койчуну
Куу жигит жанын сактаган
Илгери айткан каарылар
Миң түркүн чөптүн баары бар
Жарадар болгон кайберен
Өзүнү өзү даарылар
Жылгасыда майит бар
Белгиси жок бейит бар
Өлгөндөрдүн ичинде
Аралаш кыпчак тейит бар
Колдой турган шейит бар
Терскендери баштыктай
Көөрагин кара жаздыктай
Тамырлары билектей
Сабактары күрөктөй
Мазарлуу жылга Куу жигит
Койондору чүрөктөй

Кышында шамал тийбеген
Жайында салкын күйбөгөн
Чилдеде короо тонбогон
Жамгырда чыла болбогон
Жон алып турган саан кой
Эчкиси төлдө соолбогон
Мал киндиктүү Куу жигит
Эч жерде сендей болбогон
Куу жигит кенен жай болгон
Чөмүч кашык май болгон
Меенет кылган биздин эл
Өзүгө келип бай болгон
Төрт тарабы сай болгон
Көңүлү жаркып шай болгон
Жеримди бир аз мактадым
Билгеним айтып чаптадым
Аттиң ай менде бир арман
Касиеттүү жылганын
Тарыхын такыр таппадым
Таамайлап жакшы казбадым
Тереңдеп жакшы жазбадым
Кандай болгон күндө да
Куу жигит атуу жылгада
Казаны бийик тулгада
Бата кылып жүрөлү
Ак улакты сойолу
Куран окуп койолу
Кок улакты сойолу
Дуа кылып койолу
Эли журт эсен тынч болсун
Жараткан Кудай колдосун...






**Сарыкол кайрыктары**
**Көркөмдөп сөзүн түптөгөн,**
**Косоосун көчкө жүктөгөн.**
**Тасманын тегиз талаасын,**
**Астына салып бүктөгөн.**
**Сан кылымдуу санжырақ,**
**Айтылуу түгөп бүтпөгөн,**
**Аркарын атып эт жеген.**
**Артынып жүрүп эптеген,**
**Улуулар келип узактан.**
**Кайрылып кайра кетпеген,**
**Жигити комуз ойногон.**
**Жалыны чыгып тепкеден,**
**Кубанып келин тосушкан.**
**Шурулуу чачпак сеп менен,**
**Каадасын калкка сатпаган.**
**Салтыны саптап сактаган,**
**Сап жакшылар биригип.**
**Тарыхын жазып тактаган,**
**Сарыкол кенен ыйык жер**
**Сапарлап барсаң бийик жер.**
**Кыраңда кызык көрүнөт,**
**Кырларда жүргөн кийиктер.**
**Кулактуу жамбы артынган,**
**Күмүштөн кемер тартынган.**
**Эрлери болгон элимдин,**
**Кудайдын сөзү жазылган**
**Дептери болгон элимдин.**
**Коконбектей миң башы**
**Бектери болгон элимдин,**



**Улуу элде нарк болгон**
**Уңгусу түптүү калк болгон**
**Санаты бар салт болгон**
**Саламы бар калк болгон**
**Түндүккө жел боо байлаган**
**Түрүлүп малын айдаган**
**Кийик от өскөн белдерди**
**Жайында барып жайлаган**
**Сарыколдун тоосу кен болгон**
**Булагы даары эм болгон**
**Береке дөөлөт себилген**
**Жыл бою малы семирген**
**Алыстан келген адамга**
**Бейиштей болуп көрүнгөн**
**Кышында кары аз болгон**
**Торсугуп токту семирген.**
**Айланып кетсе болчудай**
**Айтылуу Саркол жеринен**
**Ийилип салам айтамын**
**Даңкталган Сарыкол элинен.**

**Шаймак**





Кең Ак- Суу менен Шаймагым,
Керилген жердин каймагы.
Куш салып бийик учурсам,
Тууруна конот айланып.
Бахпур- ата мазары,
Көптөрдүн түшкөн назары.
Ыйык жерди аздектеп,
Ыклас кылып жазарым.
Кара- Кыя Хастанат,
Карагер чапсам жез канат.
Ааламга кеткен даңгыр жол,
Алыстан чыйыр башталат.
Ак- Суунун суусу көбүрөт,
Тунарса түбү көрүнөт.
Сай- сайдан улам кошулуп,
Сарезге барып төгүлөт.
Солоңгур менен Бейикте,
Саналбай жүрөт кийиктер.
Бийикте тоонун элдери,
Күн көрөт күлүп күйүкпөй.
Жылдызы жакын сезилет,
Эргисең ырлар кезигет.
Буурул таң барып агарып,
Булуттай болуп сөгүлөт.
Барганга Ак- Суу Шаймагым,
Башкача болуп көрүнөт.
Жол алып барсаң узактан,
Жомоктой болуп көрүнөт.

## Ак - Балык





Чатыр-Таш, Аличор, Ак- Балык,
Кылымда калган даңкталып.
Жер- сууну жүрөм жазам деп,
Санжыра калсын сакталып.
Маржанай ашуу, Ак-Жылга,
Тарыхка күбө көп жылдар.
Сүмө-Таш, Кумду, Баш- Күмбөз,
Уламыш узак сан жылдар.
Күмүштөн шакек жүздүгүм,
Күлүктү чабар түздүгүм.
Айланып барып Аличорго,
Алты сап даяр сөздүгүм.
Таш куму күмүш асылдан,
Баштыгы толо алтынга.
Жер суунда жети керемет,
Сыйкырдуу сырын жашырган.
Улуулар токтоп өткөн жер,
Батасын берип кеткен жер.
Баш- Күмбөз , Аличор мазарлуу,
Түбөлүк даңктап жазармын.

ИНВ № 483 653

## МУРГАП- ОШ .415 КМ.





## МУРГАП- ОШ .415 КМ.

**Мургап Ош төрт жүз он беш километр,**

**Сапарлаш тоодо шамал жолдо жамгыр.**

**Кайылбыз кыл чокуда кар кечүүгө,**

**Кыргызбыз кырга байлап койгон тагдыр.**

**Ай чапчыйт алыс жердин Ак -Байталы,**

**Санап жыл санжырасын жазган тарых.**

**Айланып алгыр бүркүт шаңшып учкан,**

**Асыл жер ата конуш бизге баалуу.**

**Мургап Ош төрт жүз он беш километр,**

**Сагынып келе берет кайра баргым.**

**Сезимде Сейностондүн жылгалары,**

**Элестеп толкунданып турам азыр.**

**Мургап Ош төрт жүз он беш километр,**

**Ай чапчыйт ата журттун Ак -Байталы.**

**Сарыкол санжырасы**

Кылымдап кыргыз мекендеп,
Кылычын байлап бекем деп.
Кырларда кыргын болгондо,
Кыйкырган эмес кетем деп.
Кылымдап кыргыз нечендеп,
Сарколду турган мекендеп.
Сан душмандар келгенде,
Сабылган эмес кетем деп.
Учугу түптүү калк болгон,
Уңгулуу журтта салт болгон.
Намысты бекем сакташып,
Калдайган калкта нарк болгон.
Хан Жакып мекен кылган жер,
Хан Бабур түнөк курган жер.
Эпосто калган айтылып,
Элиме ыйык туулган жер.
Кызыл Арт Алай кошулуп,
Кызыл суу аккан жошулуп.
Муз-Тоого чейин кыргыздар,
Мекенжай кылган отурук.
Күйгөн -Токой Жыланды,
Кыдырып кыргыз кыраңды.
Түрүлтүп малын жайлатып,
Откоруп турган тулаңды.
Айтышат анда көп жерлер,
Ат басалбас чий болгон.
Тулпары туйлап кыргыздын,
Турумтай колго бий болгон.
Керилип жаткан Сарколдо,
Баатырга кылыч чаптырган.
Какырга казык кактырган.



Түрлөнүп өскөн гүлдөргө,
Түзөтүп малын бактырган.
Тааркакты Зоркөлдөр,
Керилип жаткан чөлкөмдөр.
Сучанга чейин кыргызча,
Айтылып калган көп сөздөр.
Көкөнбектей миң башы,
Көптөр чыккан Сарколдон.
Баш көтөртпөй душманга,
Бектер чыккан Сарколдон.
Журт баштаган аш тойдо,
Топтор чыккан Сарколдо
Күйүп турган жалындай
Чоктор чыккан Сарколдо.
Хаарыктан Опол тоогочо,
Суурулуп чыккан көрөңгөң
Тарыхта таамай жазылып
Сакталып турат жөрөлгөң.
Баабедин мазар кылган жер,
Кошой, Шыгай, Жедигер,
Баардыгы азар кылган жер.
Ногой менен Көкөтөй,
Бараандуу базар кылган жер.
Алымбек менен Курманжан
Аздектеген ыйык жер.
Азиздер келип ак бата
Берип кеткен ыйык жер,
Сарколум түптүү санжырaң
Тарыхта атың кезигер
Санаттап айткан сөздөрүм
Санаалаштарга сезилер.
Сыймыгым жерим бар болгун
Мекеним ыйык Сарколум.





Бирөө сурады **Мургап деген эмне?**
Мургап деген жердин аты күнөстүү,
Төрт миң метр бийиктикте гүл өсчү.
Жылгаларда жүздөп жүрөт кайберен,
Тоолорунда ийет мөлтүр булак суу.
Нурдан бүткөн кырдын кайкы канаты,
Мургап эмес Нуркап экен чын аты.
Кызы шайыр жигити өрт жоо жүрөк,
Жаза берсем жетпес калем санатым.
Мургап бийик мурда кийин барбасаң,
Мурдуң канап көтөрүлө кан басым.
Күжүрмөн эл күргүштөтүп мал айдайт,
Мурункудай сактап келет чарбасын.
Колдо күрөк ,кышта күрөп белини,
Жапа тырмак карда ачып жолуну.
Капаланбай шайыр күлөт Мургаптык,
Өр тартканда өчпөй жанып көңүлү.
Тайгаланбай муздун жылма бетине,
Мүдүрүлбөй таштак жолдун четине.
Мургабдыкдар урпак улай келишет,
Салтын сактап улуу кыргыз көчүндө.
Тээ илгерки аталардан асыл кеп,
Туулган жердин топурагы алтын дейт.
Тоону сүйүп топук алып жашашат,
Мургабдыкдар ата журттан алып дем.
Шүгүрчүлүк дасторкондо даамына,
Канаат кылып азга көпкө баарына.
Үлгү алчу мүнөзү бар меймандос,
Бирдей калыс ар улуттун баарына.
Таза сактап жоготпогон тилини,
Аруу ыйык тутат ислам динини.
Алтындан да кымбат баалайт аздектеп,
Мургабдыкдар Нурдан бүткөн жерини.
Канат сермейт сары түстүү көпөлөк,
Учуп конуп турат күндө самолет.
Санап эстеп бир аз айттым билгеним,
Кызыкса эгер кимдер барып көрө элек.
Мургап деген жердин аты күнөстүү,
Төрт миң метр бийик жерде гүл өсчү.






**Кош-Агыл**

Паңгазы-Бел, Сары-Булак, Кош-Өтөк,
Пахта-катын, Кызыл-бурма көп өсөт.
Сасык -даана, аюу-чачы, гаади-мурч.
Сандан өйдө сары-кыяк чөп өсөт.
Кузгун-Өтөк капталында төрт турук,
Жери кенен малга жайлуу төрт-түлүк.
Жутагандар жыйып малын айдаган,
Кош-Агылга жапа тырмак көпчүлүк.
Сары-Булак үстүндөгү көз горум,
Билгендерге белен кийик олжолуу.
Эчки теке этегине көп түшөт,
Эбин тапса казанда эт шорполуу.
Кокту-колот, жылга-жыбыт, көгүш кум,
Каламадай тезектери өгүздүн.
Ташка жатып тарп аңдыган тескейде,
Талпак жондуу жырткычы бар карышкыр.
Алачыктай кулжалары боз-каптал,
Аркарлары ашып оттойт сап-саптан.
Жерге бөгүп боз шыбактын астында,
Кулагы узун коёндору сак жаткан.
Кырк чилденин кычыраган тушунда,
Күңгөйүндө короо тоңбойт кышында.
Боз дөңдөрдө боз-от жалмап токтулар,
Кертип-кертип кепшейт онтойт бышылдап.
Кош-Агылдын тартып чийип сүрөтүн,
Караанымды койунуна түнөттүм.
Ата-Конуш эстейм алыс жүрсөм да,
Тоолорумда түбөлүккө гүл өссүн.
Кыял-ойду Кош-Агылга түнөттүм,
Көз алдымда ата-журттун сүрөтү

**Көөнө - Коргон**






**Көөнөрбөс Көөнө-Коргонум**
**Бек жолдон жетип бурулсаң**
**Оюң оңго бөлүнөт**
**Кɵонɵрбɵс Көөнө-Коргонум**
**Көз алдыңа көрүнөт**
**Шиберлүү жардын үстүндө**
**Айылым турат агарып**
**Уктасаң түшкө киргенде**
**Жан дүйнөң калар тазарып**
**Айылдын ары жагында**
**Көк шибердин боюнда**
**Дарыя агат туптунук**
**Жашыл шибер төшөлгөн**
**Сары гүл өсөт кулпуруп**
**Андан ары бет алып**
**Кызыл белес барасың**
**Мойнокко чыгып карасаң**
**Баардыгы тегиз көрүнөт**
**Тамшанып туруп калаарсың**
**Кызыл белес ашканда**
**Мумулай ташка түшөсүң**
**Кыбыла жагың Муздубоок**
**Зоо таштын нары жагында**
**Куу тал ашуу Ак козу**
**Жалаң жылга шагылда**
**Кара белес чоң чабыр**
**Ак буура Бодо тең чабыр**
**Ничке жылга Кең жылга**
**Чоокан буура Шор булак**
**Келин качты Кырк шейит**
**Баардыгы болот кең чабыр**
**Бодонун белин ашканда**
**Куу татырга жетерсин**
**Тогуз колдуу Сары таш**
**Дарбаза таш чоң Дөбө**

Өйүз бүйүз кең Добо
Алдында турат айтылуу
Мал киндиктүү Чештөбө
Чым сээри менен Беш арал
Дайранын бою таш арал
Жарты гүмбөз Нан калды
Көргөндүн баары таң калды
Кайнар булак Ыссык суу
Шыпаа таап келгендер
Айыгып кетип жан калды
Нары жагы Чоң Памыл
Сарыгорум кең Памыл
Андемин Ак калама
Ак шор жана Кара суу
Аралап өткөн таза суу
Айдын көл Зор көл тарыхтуу
Көлдөрдүн баары балыктуу
Кара жылга Ийри суу
Бакир жылга Таш сери
Кызыл дөң Көк жар көп жери
Кептеш менен Машаалы
Үйүбүз алыс калды окшойт
Эми туугандар артка шашалы
Жазсам жетпес калемим
Кош агыл Пышарт көп жерим
Санагым жетпейт баарына
Казындын калды казылбай
Сейностөн калды жазылбай
Коонө-Коргон кең жерим
Тегерек балгын Аюу көз
Бардыгына тең жерим
Ата журтум эл жерим
Картадан жакшы карасам
Бир мамлекетке тең жерин...





**Миң - Гажыр**

Миң- Гажырдын бийик аска тоолору,
Бүркүт конуп уя салган бетине.
Каалгый учса үстүндогү булуттар,
Бир ажайып элес кошот көркүнө.
Оо Миң -Гажыр жүздүр миңдир миллион,
Менде коп-коп сагынычтар түрүлгөн.
Бирок билем көргөн жандар байкашбайт,
Бир жылмайып күлүп жүргөн түрүмдөн.
Топ бүркүттор конуп учкан кыядан,
Балапандар канат күүлөйт уядан.
Чексиз аалам ченеми жок аска зоо,
Чекитинен чейрек ырлар жаралган.
Оо Миң-Гажыр жүздүр миңдир миллион,
Ата- Журтка сагыныч бар түрүлгөн !!!





## БАДАХШАН ТОО

Алай тоодон уланып аска курап,

Бадахшан тоо күмүш тамчы мөлтүр булак.

Кызгылт тарткан кызыл күн кырга батып,

Шыбак жыттуу шамалы зоодон урат.

Бадахшан тоо асыл зумрат таштары бар,

Бадахшан тоо илбирс кулжа аркары бар.

Байыртадан мекендеген улуу кыргыз,

Бадахшан тоо асман чоку ак кары бар.

Бадахшан тоо бабалардын баскан изи,

Бадахшан тоо сөөлөттүү кыргыз жүзү.

Чылк алтынга чырмалган чырымтал кум,

Чыйыр салган кайберен сүрөтчүсү.

Бадахшан тоо чыныгы кыргыз жүзү,


Чыйыр салган кайберен сүрөтчүсү.



Сарыколум ыйык мазарым
Сарыколдо кийик көп эде,
Шибери тулаң чөп эде.
Оош кыйыш болбогон,
Аталар сөзү төп эде.
Жылгада аркар мол эде,
Коктуда коён толо эде.
Казанда кара куурма,
Конокко урмат сый эде.
Топ- топ болуп катташчу,
Тойлордо элдер ат чапчу.
Тер алып сууткан күлүктү,
Ээсин калыс макташчу.
Ак - Суунун суусу шар эде,
Аскада теке бар эде.
Күмүштүн жүзү көгүлтүр,
Алтындын жүзү сары эде.
Азыр да алтын сары экен,
Азыр да аркар бар экен.
Бирок казанга түшүп шыралга,
Кайнабай калган маалы экен.
Шибердин чөбү кара баш,
Ак шыйрак шишек ала баш.
Желпик баш жеген токтулар,
Жер тээп шорду жалмабас.
Ак - тулпар жону жоорубас,
Ак - Суунун суусу соолубас.
Күңгөйдүн жутсаң булагын,
Көкүрөк башын оорубас.
Аличордон чыккан машина,
Азанга калбай Мургапта.
Шаймактан чыккан машина,
Шамга калбай Мургапта.
Алыстан элдер катташат,
Ат тезегин кургатпай.
Мургапта жанат электир,
Светке кимдер деректир.
Ким болсо майли шол болсун,

**Электир суудай керектир.**
**Сарыколдун майлуу куруту,**
**Келиндер сүзмөнү сатып курутту.**
**Дарбызга алдап алмашып,**
**Комерсант кылды утушту.**
**Ак - Байтал Аличор мазарым,**
**Айланып турат назарым.**
**Курбантай Мадиян мазарым,**
**Байланып турат назарым.**
**Келин- Качты Бакшы - Өлдү,**
**Шум ажал алган нечени.**
**Памирге салган Николай,**
**Тарыхта калган таш жолду.**
**Кулжалар оттойт чокудан,**
**Вертолет учса чочуган.**
**Парашют менен секирген,**
**Поляктар Памир чокудан.**
**Кара- Көлдө солдат эстелик,**
**Какайып турат чест берип.**
**Өңү очүп сыры кетсе да,**
**Өткөндү турат эскерип.**
**Муз- Көлдө эски таш дубал,**
**Кылымдан бери урабайт.**
**Булдозер чыкса үстүнө,**
**Былк этпейт сынбайт кулабайт.**
**Уюлдан бүткөн таш экен,**
**Карагай мынча чыдабайт.**
**Сарыколдун сыры түгөнбөс,**
**Сарыколдун ыры түгөнбөс.**
**Кайберен тоолуу мекеним,**
**Калкалайт элин тилектеш.**
**Сарыколум ыйык мазарым,**
**Байланып турат назарым.**





**Пышарт**

Кулчак, Ыраң, Бака - Баш,
Куурбай жылга аркалаш.
Тоолорду жазган калемим,
Түбөлүк мага сапарлаш.
Күмбөздү- Кол, Ак- Жылга,
Саткын - Жылга, Таш-Жылга,
Көзүмдөн кетпейт элеси,
Кайберен баскан ашуулар.
Кара - Жылга , Мололор,
Кокту сайын короолор.
Пышарттын улуу тоолору,
Кылымдар менен барабар.
Кызыл-Жылга , Апак- таш,
Сай суусунда акак -таш.
Сугуру катуу ышкырат,
Ийинден чыгып кашатта.
Чат-Токой карай жеткен жол,
Сарезди көздөй кеткен жол.
Кылымдан бери кыргыздар,
Кыяны бойлоп көчкөн жол.
Кен байлык түрү жаткан жер,
Күрпүлдөп суусу аккан жер.
Тарыхта кытай жер жыттап,
Күрөктөп алтын тапкан жер.
Керилген Пышарт өрөөнү,
Каухар таштын түрү бар.
Киши аюнун изи бар,
Жылбырс, түлкү , карышкыр,
Жырткыч жандын көбү бар.
Далдоодо кооз жери бар,
Даван ашкан бели бар.
Мамыры боз от чөбү бар,
Аркарлуу жылга төрү бар.
Асманды чапчып шаңкайган,
Чокуда аппак моңгү бар.
Пышартты жаздым сүрөттөп,
Билгенимди иреттеп.
Көрбөгөнгө жөө жомок,
Көргөндөр өзү билет деп.



Мен ушул жазган чыгармачылык эмгегимди , Сарыколдун чыгаан уулу " Ордо" оюнунун уюштуруучусу ,( Ак - Калпагын башынан түшүрбөгөн агам ) Сарыколдун чыгаан инсаны , бийик тоодогу чыныгы кыргыз өңү Гожомберди Ниязбековго арнаймын.
*******Илгери өткөн заманда бир акын ,улуу жибек жолун басып өтүүгө камынган соода кербенинин башчысына, мени да сапарга кошуп алыңыз деп өтүнөт. Кербен башчысы, кербенчилерге жардам берсеңиз кошуп алууга макулмун дейт.Баягы акын кербен башчысына токтоосуз макул болуп, кербенге кошулуп алыс сапарга аттанат. Жолдо кербенчилердин ойлогон ойу сүйлөгөн сөздөрү жалаң гана соода- сатык, байлык, алтын, күмүш боюнча болот. Кербенчилер дүйнө сөздөрүн сүйлөшкөндө, акын өзүнчө ойго батып тоо - таштарга, жер- сууларга, дарыя- көлдөргө, жаратылыш табиятка суктанып жол улап келе берет.
Узак сапарда кербенди ээрчиген акын, жан- дүйнөсүнө тоодой руханий байлык чогултуп , сапардагы көргөн билгендерин ыр кылып кагазга түшүргөн экен.

Ала кап аркан тартылган,
Ат минип алтын артынган.
Тоголуу аркан тартылган,
Төөлөргө күмүш артылган.
Таардан куржун кош кулак,
Талаада жылкы бош турат.
Талдыктын бийик белинде,
Буйуккан бороон кошкурат.
Алты күн жолго шайланып,
Алайдан өттүк айланып.
Кызыл- Артка жеткенде,
Күүлөнбөй калдык жайланып.
Кызыл - Арт кызыл жер экен,
Кызыгы бүтпөс бел экен.
Кыялап ашкан жолоочу,
Кыр- кырдан түшкөн сел экен.
Кербенди ээрчип жолдомун,
Керемет кыял ойдомун.

**Агарып жүрөт аркарлар,**
**Ааламда бийик жондомун.**
**Аттарды алга сүйрөйбүз,**
**Алтындын баасын сүйлөйбүз.**
**Төөлөрдү алга сүрөйбүз,**
**Күмүштүн баасын сүйлөйбүз.**
**Уй- Булак жердин көзү экен,**
**Маркан- Суу жылга төрү экен.**
**Ат баскан изди улаймын,**
**Акмалап улам сураймын.**
**Керилип жаткан Кара- Көл,**
**Керемет дүйнө өзү экен.**
**Жибектин жолун уладым,**
**Билгендерден сурадым.**
**Улуу жолду уладым,**
**Уңгулуу журтту сурадым.**
**Артайыл кайрып октордум,**
**Аттарга шибер откордум.**
**Тердикти кайрып октордум,**
**Төөлөргө камгак откордум,**
**Кымызга жуурат кошподум,**
**Кербенди түзөп коштодум.**
**Айранга асый кошподум,**
**Ат менен төөнү коштодум.**
**Ак- Байтал аштык чубалып,**
**Ай карап асман узадык.**
**Жетимиш төө жети ат,**
**Чокуну тепчийт буралып.**
**Ырабат, Ырaң, Кашка - Жол,**
**Ырaңы көрктүү башка жол.**
**Ак - Байтал ашуу Чакыр- Жол,**
**Ат мүдүрбөс какыр жол.**
**Көлөкө түшпөс тескейлер,**
**Көбүргөн баштуу терскендер.**
**Шамалы катуу куюндайт,**
**Шаштыргандай жез кемпир.**
**Күйгөндөй күнгө кара таш,**



**Күңгөйдө күйкө ала таш.**
**Чырагы жанган аскада,**
**Ырaң - Көл , Шор - Көл канатташ.**
**Аңырдай ак- куу сайрачу,**
**Ак- Байтал, Ак- Суу дайрасы.**
**Бүлөсөң канжар курчуган,**
**Бүлөөдөй экен сай ташы.**
**Улуу жибек жолудур,**
**Тогуз жолдун тоомудур.**
**Ааламда бийик жер көрдүм,**
**Айланып ыйык эл көрдүм.**
**Аркарлуу жылга тоо көрдүм,**
**Ак - карлуу мөңгү зоо көрдүм.**
**Тектирди ашып сапарда,**
**Тектүү эл көрдүм катарда.**
**Чокуну ашып сапарда,**
**Чогуу эл көрдүм катарда.**
**Айланып аалам кыдырып,**
**Акак таш көрдүм базарда.**
**Касиет бүткөн жер бастым,**
**Кайкалап басып чер жаздым.**
**Кашкарга кайтып кеткенче,**
**Калемим учтап шер( ыр) жаздым.**
**Каадалуу жерде чер жаздым,**
**Касиет бүткөн жер бастым.**
**Кабулга кайтып кеткиче,**
**Калемим учтап шер( ыр) жаздым.**
**Улуу жибек жолу бул,**
**Тогуз жолдун тоомудур.**
**Ааламда бийик жер көрдүм,**
**Айланып улуу эл көрдүм.**
**Кашкарга ашып кеткиче,**
**Калдайган көгүш көл көрдүм.**





**"САРЫ - КОЛ" (дастаны.)**

**Ак - мөңгүлүү бийик тоолуу жер,**
**Аскалуу адыр зоолуу жер.**
**Кылымдап кыргыз жашаган,**
**Сарыколум көркөм соонун жер.**
**Ат баскан чыйыр кыялап,**
**Алты сап жаздым сыялап.**
**Айланып бүркүт бийикте,**
**Мекендейт тоону уялап.**
**Санжыралуу Сарыколум,**
**Керилип жаткан Кең - Колум.**
**Шамалың салкын сыдырым,**
**Желпинген жеңил жорголуу.**
**Сап саптын башы кайкалак,**
**Сай ташы самын тайгалак.**
**Ылаачын учса бийиктеп,**
**Канаты бир аз чайпалат.**
**Мадиян , Пышарт, Кара - Көл,**
**Ак- Балык мөлтүр таза көл.**
**Балыгы көп Булуң - Көл,**
**Байыркы Зор -Көл Казан - Көл.**
**Шаймактын шибер тулаңы,**
**Бахпурдун кайнайт булагы.**
**Байыртан кыргыз мекендеп,**
**Байырлап келген турагы.**
**Ок - Салыр ата Шаты - Пут,**
**Тарыхтар калбайт катылып**
**Ааламга кеткен кыргыздар ,**
**Үркөрдөй болуп чачылып.**
**Опол -Тоо Муз- Тоо мөңгүлүү,**
**Өзүнө бурат көңүлдү.**
**Кереге - Өтөк Кор - Теке,**
**Казылбай калган көмүрү.**
**Аскада жанат Чырак - Таш,**
**Мөлтүрөп ийет булактар.**
**Боз шыбагы тегерек,**
**Ак коёну улактай.**
**Ак- Суу , Ак - Там,**
**Баш - Күмбөз,**
**Бозой- Күмбөз ,**

Үч - Күмбөз,
Кадам сайын мазарлуу,
Жарты - Күмбөз бүт күмбөз.
Баатырлар басып өткөн жер,
Бабалар жашап өскөн жер.
Этегин кайрып эшендер,
Батасын берип кеткен жер.
Жылгада жүздөн төрт түлүк,
Жеримде малдын көп түрү.
Байырлап келип нечендер,
Бай болуп кеткен көпчүлүк.
Кылымдар өчпөс күү чалар,
Кайберен түнөк жылгалар.
Таң тосуп тиктейт тектирди,
Калдайган караан кулжалар.
Чубак, Кошой, Ак - Балта,
Жакып жана Баабедин.
Шерлер бектер өткөн жер,
Рахманкул- хан, казы Атабай,
Көптөр туулуп өскөн жер.
Кара - тоону айланып,
Кашкарга жолу кеткен жер.
Тойуту күчтүү тойумдуу ,
Тоо түздө өскөн терскендер.
Ак- Суунун суусу көк кашка,
Агылып түшөт Топ - Ташка.
Балыгы суула көрүнөт,
Балырлуу көбүк топтошсо.
Сарыколум , Ак-Суу, Кош - Агыл,
Сагынган биз- биз кусадар.
Алыста жүргөн бара албай,
Адамдар биз - биз кусалуу.
Көпүрө - Башы, Суу- Башы,
Кокөнбек өткөн миң башы.
Көмүскө калган доордо,
Көп бектер өткөн жүз башы.
Жапаркул датка аминдер,
Жаннатта жүрсө оомийин дээр.
Токурбек датка аминдер,
Бейиштен жүрсө оомийин дээр.



Сарыколдук жалпы элиме
Салтыны сактап жүрсүн деп.
Саламат эсен болсун деп,
Сапарлаш болуп жолунда,
Жылоолоп кызыр оомийин дээр.
Жылтырак жиптүү ат жабдык
Жылдызды кууп ат чаптык.
Күмүштөн боолу ат жабдык,
Кылымды кууп ат чаптык.
Доорду көргөн нечендеп,
Тоолорду сүйдүк мекендеп,
Сары-Колдун өчпөйт тарыхы,
Мезгилдер жазган бекемдеп.
Күңгөйгө чаап кулүктү ,
Өчүрбөй жанган биликти.
Аталар жүргөн астейдил,
Көтөрүп бийик түндүктү.
Элеси өчпөйт Сары-Кол,
Эңкесин өкчөйт Сары-Кол.
Аталар менен энелер калган,
Эң ыйык бизге жерибиз Сары-Кол.
Ысымың өчпөс түбөлүк Сары-Кол,
Ырларым далил күбөлүк Сары-Кол.
Кай жерде болсок тагдырлар айдап ,
Унутпай эстеп жүрөбүз Сары- Кол.
Бабалар өткөн тарыхым Сары- Кол,
Башаты өмүр тагдырдын Сары-Кол.
Санжыра салтын жоготпой каткан,
Кыл чокудагы сандыгым Сары-Кол.
Бүркүттүн тууру күмүштөн болот,
Сулуунун сыны жүзүндө болот.
Улуттун наркы санында эмес,
Салтыны сактап жүрүүдө болот.
Тулпарда жүгөн алтындан болот,
Шумкардын боосу асылдан болот.
Кадыры журттун кашында эмес,
Сактаган ыйык тилинде болот.
Сан кылым өтсө сакталып келген,
Сарыколдун баркы тилинде болот.
Салтыны бекем кармаган элдин,
Кадыры наркы тилинде болот.
**БАБАЛАР БАСКАН ТАРЫХЫМ САРЫ-КОЛ!!!**
**БАРААНДУУ БАСКАН ТАГДЫРЫМ САРЫ - КОЛ !!!**





Бүчүр байлап жазгы көктөмдө,

Табыйгатка кооз көрк берип.

Шамал соксо шуулдай ыргалат,

Мадияндын мажурум талдары.

Бой тирешип аска зоолорго,

Кучак жайып асман тоолорго.

Түнөк үйү түркүн куштардын,

Мадияндын бак дарактары.

Ташты жарып өскөн тамырдын,

Кабык чели улам калыңдап.

Тоо токойго калган айланып,

Мадияндын мажурум талдары.








**Китептин автору**

**Казахстан Республикасынын**

**авторлор союзунун (КазАК),**

**жана «Янги Овоз» эл аралык**

**жазуучулар союзунун мүчөсү**

**Өскөнбай Бердибаев**

**Китептин редактору: Айтматов Кадырбек**

Creative

**Полиграфия борбору**

80с



Creative
Полиграфия борбору